DOI:10.26104/IVK.2023.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 5, 2023

*Токтакун кызы Г., Кармышаков М.А.*

## СОТТУК ЧЫГЫМДАР ЖАРАНДЫК СОТ ӨНДҮРҮШҮНДӨ ЖЕТКИЛИКТҮҮЛҮК ПРИНЦИБИНИН ЭЛЕМЕНТИ КАТАРЫ

*Токтакун кызы Г., Кармышаков М.А.*

## СУДЕБНЫЕ РАСХОДЫ КАК ЭЛЕМЕНТ ПРИНЦИПА ДОСТУПНОСТИ В ГРАЖДАНСКОМ СУДОПРОИЗВОДСТВЕ

*Toktakun kyzy G., M. Karmyshakov*

## LEGAL COSTS AS AN ELEMENT OF THE PRINCIPLE OF ACCESSIBILITY IN CIVIL PROCEEDINGS

*УДК: 347.921.6*

*Макалада ата-мекендик жана чет элдик авторлордун эмгегиндеги изилдөөлөргө таянып, теория жана практика мисалдарын колдонуу менен жарандык процесстеги соттук чыгымдардын мааниси изилденет. Изилдөөнүн актуалдуулугу жарандык сот өндүрүшүндө соттук чыгымдарды бөлүштүрүүнүн тартибине тиешелүү нормаларга көңүл буруу менен шартталат. Изилдөөнүн максаты жарандык сот өндүрүшүндө соттук чыгымдар институтун комплекстүү изилдөө болуп саналат. Соттук чыгымдар институтун түзүүчү колдонуудагы мыйзамдарга системалуу талдап, аны колдонуу практикасы жана зарыл болгон өзгөртүүлөрдүн негиздемеси талданат. Соттук чыгымдар институтун укуктук жөнгө салууну өркүндөтүү аркылуу сот өндүрүшүн оптималдаштыруу перспективаларын издөөгө өбөлгө түзүүчү теориялык жана укуктук материлдарды практикада колдонуу сунушталат. Илимий изилдөөнүн методдору – бул илимий билимдин ыкмаларынын жыйындысы: аналогия, индукция, дедукция жана илимий билимдин атайын ыкмалары: моделдөө, структуралаштыруу, салыштырма укуктук жана башкалар колдонулду.*

***Негизги сөздөр:*** *соттук чыгымдар, жарандык процесс, жаран, сот, мамлекеттик алым, соттук штраф, укук, мамлекет.*

*В статье рассматривается величина судебных издержек в гражданском процессе на примерах теории и практики, основанных на исследованиях отечественных и зарубежных авторов. Актуальность исследования определяется обращением внимания на нормы, связанные с порядком распределения судебных издержек в гражданском судопроизводстве. Цель исследования – комплексное изучение института судебных издержек в гражданском процессе. Проведен системный анализ действующего законодательства, устанавливающего институт судебных издержек, проанализирована практика его применения и обоснование необходимых изменений. Рекомендуется применить теоретический и юридический материал на практике для поиска перспектив оптимизации судопроизводства путем совершенствования правового регулирования института судебных расходов. Методы научного исследования – это совокупность методов научного познания: аналогия, индукция, дедукция и специальные методы научного познания: моделирование, структурирование, сравнительное правоведение.*

***Ключевые слова:*** *судебные издержки, гражданский процесс, гражданин, суд, государственная пошлина, судебный штраф, закон, государство.*

*The article examines the amount of legal costs in civil proceedings using examples of theory and practice based on research by domestic and foreign authors. The relevance of the study is determined by paying attention to the rules related to the procedure for distributing legal costs in civil proceedings. The purpose of the study is a comprehensive study of the institution of legal costs in civil proceedings. A systematic analysis of the current legislation establishing the institution of legal costs was carried out, the practice of its application and the rationale for the necessary changes were analyzed. It is recommended to apply theoretical and legal material in practice to search for prospects for optimizing legal proceedings by improving the legal regulation of the institution of legal expenses. Methods of scientific research are a set of methods of scientific knowledge: analogy, induction, deduction and special methods of scientific knowledge: modeling, structuring, comparative law.*

***Key words:*** *legal costs, civil process, citizen, court, state duty, court fine, law, state.*

Укуктук мамлекетти жана жарандык коомду калыптандыруунун шартында экономикалык ишмердикти жана жалпысынан коомдук тартипти сактоонун негизги механизмдеринин бири сот бийлигинин натыйжалуу иштеши болуп саналат. Сот ишинин натыйжалуулугу негизинен сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгү сыяктуу негизги талаптан көрүнүп турат. Соттук чыгымдар бул жарандык ишти кароого жана соттун чечимин аткарууга байланыштуу иштин натыйжасында юридикалык кызыкчылыгы бар тараптарга жүктөлүүчү акчалай жоготуулар.

Соттук чыгымдардын функциялары: компенсациялоо, коопсуздук, алдын алуу, санкциялык жана социалдык. Ошол эле учурда бул функциялардын айрымдары бирдей эмес жана бири-бирине карама-каршы келип, юридикалык чыгымдар институтун ар кандай укуктук жөнгө салууну талап кылат. Бул дисбаланс жарандык укуктарды соттук коргоонун кепилдиктерин азайтат. Соттук чыгашалар институту, биринчи кезекте, жарандык, арбитраждык жана административдик иштер боюнча натыйжалуу сот өндүрүшүнө көмөктөшүүчү коопсуздук мүнөзүнө ээ болушу керек [1].

Соттук чыгымдар мамлекеттик алым жана ишти жүргүзүүгө чечимдерди, аныктамаларды жана токтомдорду аткарууга байланыштуу чыгымдардан түрүп эки түргө бөлүнөт.

1. Мамлекеттик алымдын өлчөмү жана аны эсептөө тартиптери доонун, арыздын, мүнөзүнө жана доонун баасына жараша мыйзам тарабынан белгиле-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



нет жана бюджеттин кирешелеринин булактарынын биринен болуп эсептелет.

2. Ал эми сотто ишти кароого байланыштуу болгон башка чыгымдардын мамлекеттик алымдан айырмасы алардын баасы ишти кароо үчүн накталай жумшалган акчалай жоготуулардан турат-эксперттерге, адистерге, котормочуларга, күбөлөргө жумшалган акчалай төлөмдөр.

Соттук чыгымдарды, талашта, ал чыгымдарды талашуу жүйөлөрү негизсиз деп табылган тараптарга жүктөө менен мыйзам төмөндөгүдөй максаттарды көздөйт: тараптардын негизсиз доо коюу менен процессти козгоонун алдын алуу; жарандар менен уюмдарды өз ара талаш-тартыштарын, сотту кийлигиштирбей эле чечүүгө жана өзүлөрүнүн жарандык укуктук милдеттерин өз ыктыярлары менен эле аткарууга түрткү берүү; соттук чыгымдарды төлөө, ошол эле учурда, сот адилеттигин ишке ашырууга байланыштуу мамлекетке келтирилген чыгымдардын төлөтүп алуу ыкмаларынан болуп эсептелет.

*Мамлекеттик алым.* Мамлекеттик алым жөнөкөй жана пропорционалдуу (теңме-тең) болуп эки түргө бөлүнөт.

- жөнөкөй алым акчалай, туруктуу өлчөмдө төлөнөт. Мисалы: мүлк эмес мүнөздөгү доолор боюнча жана баалоого жатпай турган доолор боюнча; турак жайларды жалдоо, договорлорду өзгөртүү жана бузуу жөнүндөгү доолор боюнча; мүлктү камактан бошотуу жөнүндөгү доолор боюнча;

- теңме-тең алым доонун баасына жараша процентелип төлөнөт. Ишти сотто кароонун натыйжасында мамлекеттик алымды төлөөчүлөрдөн болуп тараптар, өзгөчө өндүрүш иштери боюнча арызданууучулар талаш-тартыш предметине карата өз алдынча талап коюу арызы менен кайрылган үчүнчү жактар эсептелет.

Мамлекеттик алым сотко берилген: доо арыздарды; талаш-тартыш предметине карата өз алдынча талап коюу менен ишке катышуучу үчүнчү жактын арызын; соттун буйругун берүү жөнүндөгү арызды; договор алдындагы талаш-тартыштар боюнча арыздарды; өзгөчө өндүрүш иштер боюнча арыздарды; апелляциялык жана кассациялык даттанууларды; банкрот (кудуретсиз деп таануу жөнүндөгү арыздарды); бейтарап соттун, эл аралык соттун, чет өлкөлүк соттун, эл аралык бейтарап (арбитраждык) соттун, чет өлкөлүк (арбитраждык) бейтарап соттун чечимдерин мажбурлап аткарууга, аткаруу баракчасын берүү жөнүндөгү арыздарды; бейтарап соттун, эл аралык соттун, чет өлкөлүк соттун, эл аралык бейтарап (арбитраждык) соттун, чет өлкөлүк (арбитраждык) бейтарап соттун, чечимдерин, жарашуу макулдашууларын мажбурлап аткарууга аткаруу баракчасын берүү жөнүндөгү жана аткаруу баракчасын берүүдөн баш тартуу жөнүндөгү соттун аныктамасына апелляциялык даттанууларды карап чыгуунун натыйжасында алынат. Мамлекеттик алым ошондой эле, сот документтердин көчүрмөсүн берген учурда да алынат. Алым өлчөмдөрүнүн көп түрлүүлүгүн, алардын жогоруда аталган мыйзамда тикелей көрсөтүлгөндүгүн, ошондой эле, алым өлчөмдөрүн тизмелөөнүн техникалык мүнөзүн эске алуу менен, аларды бул окуу китепте тизмелеп отуруунун зарылчылыгы жок деп таптык. Башкача айтканда, ошол мыйзамдын өзү менен тикелей таанышуу максатка ылайыктуу деп эсептейбиз.

Доонун баасы:

– Акчалай сумманы төлөтүп алуу жөнүндөгү доолордо - төлөтүлүүчү сумма менен;

– Мүлктү талап кылуу жөнүндөгү доолордо - изделип жаткан мүлктүн наркы менен;

– Алиментти төлөтүп алуу жөнүндөгү доолордо - бир жыл үчүн төлөмдүн жыйынтыгы боюнча;

– Мөөнөттүү төлөмдөр жана берүүлөр жөнүндөгү доолордо - бардык төлөмдөрдүн жана берүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча, бирок үч жылдан ашпаган мөөнөттө;

– Мөөнөтсүз же өмүр бою, берилүүчү төлөмдөр жөнүндөгү доолордо - бардык төлөмдөрдүн жана берүүлүрдүн топтолушу, боюнча, бирок үч жылдан ашык эмес мөөнөттө;

– Төлөмдөрдү же берүүлөрдү азайтуу же көбөйтүү жөнүндө доодо төлөмдөр же берүүлөр азайтылган же көбөйтүлгөн сумма менен, бирок бир жылдан ашпаган мөөнөттө;

– Төлөмдөрдү же берүүлөрдү токтотуу жөнүндө доодо калган төлөмдөрдүн же берүүлөрдүн жыйындысы менен, бирок бир жылдан ашпаш керек;

– Мүлктүк, жалдоо келишимин мөөнөтүнөн мурда бузуу жөнүндө доодо- келишим күчүндө болгон калган мөөнөттүн ичинде мүлктү пайдалангандыгы үчүн төлөмдөрдүн жыйындысы менен, бирок үч жылдан ашпайт;

– Менчик укугунда жарандарга таандык болгон курулуштарга менчик укугу жөнүндө доодо - курулуштун наркы менен, бирок инвестордук баасынан төмөн эмес, же ал жок болгон учурда - камсыздандыруу келишими боюнча баадан төмөн эмес, ал эми ишканаларга, мекемелерге жана уюмдарга таандык болгон курулуштар үчүн курулуштун балансалык баасынан төмөн эмес;

– Бир нече өз алдынча талаптардан турган доолордо - бардык талаптардын жалпы суммасы менен;

– өндүрүп алуу талашсыз (акцепсиз) тартипте жүргүзүлүүчү доолор боюнча аткаруу баракчасын же башка документтин аткарылууга жатпашын таануу боюнча доолордо- талашылып жаткан суммадан келип чыгуу менен;

– Келишим түзүлүп жатканда, аны өзгөрткөндө же бузган учурда келип чыккан талаштар боюнча,

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



ошондой эле мыйзамга ылайык бүтүмдү туура эмес деп таануу жөнүндөгү талаштар боюнча доолордо тийиштүү мыйзамдар менен аныкталат.

Жалпы жобо боюнча доонун баасы доогер тарабынан аныкталат жана көрсөтүлөт. Эгер доонун баасы таптакыр туура эмес көрсөтүлгөн болсо, анда баа сот тарабынан аныкталат.

*Ишти карап чечүү менен байланышкан чыгымдар.* Ишти карап чыгууга байланышкан чыгымдарга төмөнкүлөр кирет:

– Күбөлөргө, эксперттерге жана адистерге төлөнүүчү суммалар;

– Жеринде карап көрүү боюнча чыгымдар;

– Жоопкерди издөө боюнча чыгымдар;

– Ишти жүргүзүү жана сот актыларын аткаруу боюнча чыгымдар;

– Иш боюнча макалалар жана жарыялар менен байланышкан чыгымдар;

– Ишти карап чыгуу менен байланышкан почта чыгымдары;

Сот актыларын аткаруу менен байланышкан чыгымдар. Сот аткыларын жөнөтүүгө байланыштуу почтолук, божомолдуу чыгымдардын суммасы Кыргыз Республикасынын жогорку соту тарабынан аныкталып, доогер тарабынан жогорку соттун депозиттик счетуна (эсебине) киргизилет жана салынат.

Күбөлөргө, эксперттерге, адистерге жана тилмечтерге - которуучуларга төлөнүүчү акчалай суммалар: күбөлөргө, эксперттерге, адистерге жана тилмечтерге алардын сотко келишине байланыштуу жол-кире жана турак-жайды жалдоо боюнча чыгымдарынын орду толтурулат, ошондой эле суткалык акы төлөнөт. Эксперттер жана адистер алардын кызматтык милдеттеринин чөйрөсүнө кирбеген ишти соттун тапшырмасы боюнча аткарса, ал иш үчүн сыйлык акы алат. Сыйлык акынын өлчөмү эксперттердин жана адистердин пикирин эске алуу менен тараптардын макулдашуусу боюнча сот тарабынан Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык аныкталат. Тилмечтерге эмгек акы төлөө жана сотко келишине байланыштуу алар тарткан чыгымдарды төлөө тиешелүү бюджеттин эсебинен жүргүзүлөт. Сотко күбө катарында чакырылып, иштеп жүргөн адамдарга алардын сотко келишине байланыштуу иште – жумушунда болбогон убакыт үчүн, иштеген жериндеги орточо эмгек акысы сакталат. Эмгек мамилелеринде турбаган-катышпаган күбөлөр, аларды демейки ишинен алагды кылгындыгы үчүн эмгек акынын белгиленген эң аз өлчөмүнө таянып, иш жүзүндө чыгымдалган убакытты эске алуу менен сыйлык акы алышат. Күбөлөргө, эксперттерге, адистерге жана тилмечтерге таандык болгон акчалай суммалар, булар өз милдеттерин аткаргандан кийин депозиттик эсептен сот тарабынан төлөнөт.

*Сот чыгымдарын тараптардын ортосунда бөлүштүрүү.* Соттук чыгымдар жалаң гана тараптар аралык бөлүштүрүлөт. Чечим пайдасына чыгарылган тарапка сот иш боюнча тарткан бардык сот чыгымдарын экинчи тараптан алып-кесип берет, мында бул тарап мамлекеттин кирешесине сот чыгымдарын төлөөдөн сот тарабынан бошотулгандыгы эсепке алынбайт. Эгерде, доо жарым-жартылай канааттандырылса, анда бул көрсөтүлгөн суммалар доогерге сот тарабынан канааттандырылган доо талаптарынын өлчөмүнө теңме-тең өлчөмдө, ал эми жоопкерге- доогердин канаттандырылбаган доо талаптарынын өлчөмүнө теңме-тең өлчөмдө төлөнөт.

Мыйзамда баяндалган эрежелер ишти апелляциялык, кассациялык жана көзөмөл инстанцияларында жүргүзүүгө байланыштуу тараптар тарткан сот чыгымдарын бөлүштүрүүгө да таандык [4]. Эгерде, жогору турган сот ишти жаңыдан карап чыгууга төмөнкү сотко бербестен эле чыгарылган чечимди өзү өзгөртсө, же ал иш боюнча жаңы чечим чыгарса, ал тиешелүү түрдө сот чыгымдарын бөлүштүрүүнү да өзгөртөт. Соттук чыгымдар менен байланышкан маселелер боюнча аныктамаларга даттануу арызы берилиши мүмкүн.

*Соттук штрафтар.* Жарандык-процесстик укуктардын нормалары менен соттун буйруктары процесске катышуучулар тарабынан эреже катарында аң-сезимдүүлүк жана жоопкерчилик менен ыктыярдуу аткарылат. Ошондой болсо да кээ бир учурда, жарандык процесстик мыйзамдардын укук ченемдери бузулган фактылыр да кездешет, мындай учурларда сот белгилүү бир санкцияларды колдонууга мажбур болот. Соттук штраф, ошондой санкциялардын бир түрүнө жатат. Соттук штрафтар мыйзамда тике каралган учурларда, жана белгиленген өлчөмдө, сот тарабынан процесстик милдеттерин, же болбосо сот отурумундагы тартипти бузгандыгы үчүн күнөөлүү жактарга акчалай өндүрүү түрүндө салынып процесстик укуктук таасир этүүчү чара катарында түшүндүрүлөт. Штраф салуу үчүн сот аныктама чыгарат.

**Жыйынтык.** Белгилүү окумуштуу А.И. Вицын белгилегендей, тарыхтын алгачкы мезгилдеринде каада-салт боюнча талаш-тартыштардын чечилүүсү соттошуучулардын өз алдынча сотту дайындоосу жолу менен чечилген. Ал эми төлөмдүн өлчөмү жеке тартуулар башкча айтканда материалдык төлөмдөр (мал жандыктар, баалуу зер буюмдар ж.б.) менен аныкталган; соттук чыгымдар жөнүндө эрежелер талаштуу жагдайды чечүүдө же тараптардын кызыкчылыктарын камсыз кылууда келтирилген чыгымдардын ордун жабууну гана жөнгө салган. Кийинчерээк сот ишмердигинин негизги максаты пайда табуу болгон, анда соттук чыгымдардын олуттуу үлүшү талаш-тартышты чечүүчү адамга төлөнүүчү сый акы-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



дан түзүлө баштаган. Бул жагдай соттошуучулардын материалдык абалына алып келген десек жаңылышпайбыз.

Жыйынтыктап айтканда, соттук чыгымдар бул жарандык ишти кароого жана соттун чечимин аткарууга байланыштуу иштин натыйжасында юридикалык кызыкчылыгы бар тараптарга жүктөлүүчү акчалай жоготуулар.

**Адабияттар:**


1. Шмотин К.С. Судебные расходы в гражданском судопроизводстве. / Диссертация на соискание уч. ст. к.ю.н. – Москва, 2018. - С. 4-6.
2. Сатыбеков С.С. Кыргыз Республикасынын жарандык-процесстик укугу. – Бишкек, 2012. -  52-бет.
3. Столяров А.Г. Судебные расходы как элемент состава гражданской процессуальной ответственности. // Дисс. на соискание уч. ст. к.ю.н. – Москва, 2004. - С. 12.
4. Кыргыз Республикасынын Жарандык-процесстик кодекси 29.12.1999-ж. №146. - 23-берене.
5. Воложанин В.П., Ковин В.Ф. Динамика гражданских процессуальных правоотношений. // Правоведение. - Л.: Изд. Ленинградского университета, 1980. - № 5. - С. 49.
6. «Мамлекеттик алым жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы 31.08.2007-ж. - №62.
7. Кармышаков М.А., Токтакун кызы Г. Понятие и значение исполнительного производства в Кыргызской Республике. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2018. №. 12. С. 44-46.
8. Чотбаев А.А. Судебная система Кыргызской Республики. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2016. №. 12. С. 87-89.